КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**19-декабрь 2025-жыл № 3** **Совет айылы**

**Кеңеш айылдык Кеңешинин 01.07.2025-жылдагы № 4 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кеңеш айыл аймагындагы жайыт жерлерди мыйзамсыз пайдалангандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын колдонуу жана ижара акысынын тартибин аныктоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 43, 45-беренелерине, Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги XVI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы жайыт жерлерди мыйзамсыз тосуп алуу (ограждение) өз алдынча ээлеп алуу жана уруксатсыз пайдалануу фактылары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу болуп саналары белгиленсин.

2. Жайыт жерлерди мыйзамсыз пайдаланган жеке жана юридикалык жактарга карата Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык, айып пул салуу чаралары тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан колдонулары белгиленсин.

3. Мыйзамсыз пайдаланылган жайыт жерлер боюнча материалдарды тиешелүү мамлекеттик органга жөнөтүү, ижара келишимдердин мыйзам талаптарына ылайык түзүү, ижара акысынын өз убагында жана толук жыйналышын камсыз кылуу милдети Гөлөгөн-Суу муниципалдык ишканасынын башчысы Т.Эргешевке жана жайыт боюнча башкы адис Э.Абдулакимовко милдеттендирилсин.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э.О.Оморов